**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**5-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Арсен короодогу газонду чабууга киришти. Бул үчүн ал бензин менен иштөөчү чөп чапкычты колдонот.
Ал сааттын 2/3 бөлүгүндө газондун 50% кыркты. Эгер азыр саат 13:00 болуп, коноктор саат 14:00 келип калса, Арсен коноктор келгенче газонду кыркып жетише алабы?

*Туура жоопту тандагыла:*

- Ооба, жетишет
- Жок, жетишпейт

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Газон**

Шаар четинде үйүң болсо анын сырткы түрүнө кам көрүп, газонду дайыма үзгүлтүксүз кыркып туруу керек.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү:**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: өздүк
- Деңгээли: төмөнкү
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: убакытка ориентир жасоо, бөлчөктөрдүн маанисин түшүнүү
- Максималдуу балл – 2 балл
- Текшерүү ыкмасы - эксперттик

Баалоо системасы

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | «Ооба, жетишет» деген жооп берилип, түшүндүрмөсү болсо. Мүмкүн болгон түшүндүрмө берилет.<br>60:3×2=40 мүнөт<br>13саат 00мин+40 мүнөт =<br>=13саат 40 мүнөт<br>Экинчи жарымы да ушундай эле 2/3 саат кесет, коноктор келгенге чейин 1 саат бар. |
| 1 | «Ооба, жетишет» деген жооп берилип, түшүндүрмөсү жок же эсептөөдөн ката кетсе. |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Коңшулардын кимиси үчүн газон чапкычтын бир резервуары жетиштүү?




**Бир нече туура жоопту тандагыла:**

А) Эсенбаевтерге
Б) Ивановторго
В) Ташболотовдорго
Г) Хамидулиндерге

## Газон

Арсен кошуналарына алардын газонун чабууга жардам берүүнү чечти.

*Көрсөтмө:*
*Бул газон чапкычтын күйүүчү майынын толук багы 5 ар аянтты чабуу үчүн жетиштүү.*

1 ар=10 м×10 м=100 $м^2$

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: мейкиндик жана формалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: өздүк
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: аянттын өлчөмдөрү менен иштөө
- Максималдуу балл – 2 балл
- Текшерүү ыкмасы - компьютердик

Баалоо системасы

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | А) Эсенбаевтерге жана Г) Хамидулиндерге |
| 1 | А) Эсенбаевтерге же Г) Хамидулиндерге |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Арсенийге иштин кайсы бөлүгү калды?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) $\frac{1}{600}$

Б) $\frac{5}{600}$

В) $\frac{1}{6}$

Г) $\frac{5}{6}$

**Газон**

Арсендин чоң атасы газондун сүрөттө көрсөтүлгөн бөлүгүн чаап алган.




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: мейкиндик жана формалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: өздүк
- Деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: аянтты өлчөөнүн бирдиктери менен иштей билүү, аянттын бөлүгүн таба билүү
- Максималдуу балл – 1 балл
- Текшерүү ыкмасы - компьютердик

Баалоо системасы

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Жооп: Г) $\frac{5}{6}$ |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**
***4-тапшырма.***
Арсен 100 чарчы метр жерден 4,5 кг чөп жыйнаган.
Эгерде газондун аянты 600 кв.м болсо, Арсендин чогулткан чөбү 30 чоң коёнду багууга жетеби?

*Туура жоопту тандагыла:*
- Ооба, жетет
- Жок, жетпейт

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Газон**

Арсен коёндорду багуу менен алектенет. Газондон жыйналган чөп үй жаныбарларына берилет.
Чоң коёндун суткалык чөптүк керектөө нормасы 800 граммды түзөт.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**:
- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: өздүк
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: ондук бөлчөктөр менен амалдарды аткаруу
- Максималдуу балл – 2 балл
- Текшерүү ыкмасы - эксперттик

Баалоо системасы

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | «Ооба, жетет» деген жооп берилип, түшүндүрмөсү болсо. |
| 1 | «Ооба, жетет» деген жооп берилип, түшүндүрмөсү жок же эсептөөдөн ката кетсе. |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |